КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын V-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 27-августу № 47** **Барскоон айылы**

**Касендеев Ильяс Касендеевич жана Барскоон айылынын тургуну Токобаев Исламбек Жанузакович жөнүндө**

Барскоон айылындагы № 55 кесиптик лицейинин 2024-жылдын 27-августундагы чыгыш №40 кайрылуусунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" жөнүндөгү 2023-жылдын 11-августундагы №179 Мыйзамынын 4-бөлүмүнүн 14-беренесине ылайык, Барскоон айыл аймагында медицина жаатындагы кадрлардын жетишсиздигин эске алуу менен Барскоон жергиликтүү кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Баямановдун маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын кесиптик техникалык билим берүү системасын негиздөөчүлөрдүн бири Касендеев Ильяс Касендеевичтин 85 жылдык маарекесине карата залкар инсандын эмгегин баалап, элесин келечек муундарга түбөлүккө калтыруу максатында Барскоон айылындагы №55 кесиптик лицейине айкелин орнотууга 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджетинин эсебинен бөлүнүп берилсин.

2. Каракол шаарындагы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин физика-математикалык жана табигый техникалык факультетинин "Дарылоо иши" адистигинин 1-курсунда контрактык негизде окуп жаткан, Барскоон айылынын тургуну И.Ж.Токобаевдин 2024-2025-ж. окуу жылдарына окутуу үчүн 68 000 (алтымыш сегиз миң) сом бөлүнүп берилсин.

2. Ушул токтом масссалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облусттук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияларынын төрагаларына жана тиешелүү иш алып баруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска